| 11 | Орус искусствосундагы «Күмүш кылым» | Мүнөзү: кичи тайпаларда презентациялар даярдоо Максаты: 19-кылымдын 90-жылдарындагы илим, искусство жана маданияттын кескин өзгөрүшү. | Төмөнкү терминдерге сөздүкчө түзүү: акмеизм, барокко, футуризм, космизм, пессимизм, эстетизм, символизм. | К.Бальмонт, М.И.Цветаева, С.А.Есенин, А.Ахматованын ырларынан жаттоо. | 2 саат |
| 12 | Советтик | Мүнөзү: | Жаны маданий | 20-кылымдын | 2 саат |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Россия маданияты | баяндамаларды даярдоо Максаты: Советтик Россиянын маданияты жана агартуусуна Октябрь Революциясынын тийгизген ролун окуп үйрөнүү. | саясат. 20-кылымдын биринчи жарымындагы Советтик адабият. 20-кылымдын экинчи жарымындагы Советтик адаият. | биринчи жарымындагы улуу орус акындары А.А.Блок, С.А.Есенин, В.В.Маяковский «Бубновый валет» чыгармалары менен таанышуу. 20-кылымдын экинчи жарымындагы көрүнүктүү адабиятчылар М.Горький «Мать», «Мой университет», М.А.Шолохов «Тихий Дон». | |
| | | | | | 16 саат |
| | | | | | 32 саат |

# 6. БИЛИМ БЕРҮҮ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

## 6.1. Аудиториялык сабактарда колдонулуучу билим берүү технологиялары

«Балдар риторикасы жана дүйнөлүк көркөм маданият» окуу дисциплинасын өтүүдө аудиториялык сабактарда негизинен дарс технологиясы басымдуу колдонулат. Дарстардын негизги милдети – студенттерди ММКнын теориясы жана практикасы боюнча билимдер тутуму менен тааныштыруу. Дарстар дисциплинанын программасында камтылган негизги маселелерди чагылтат. Материалды баяндап берүүдө дарстардын ар кыл түрлөрү: киришүү дарсы, проблемалуу дарс, илгерилетүүчү дарс, жыйынтыктоочу дарс колдонулат. Окутуучу студенттердин ой жүгүртүү ишмердүүлүгүн активдештирүү, теманын жеке маселелерин талдоо, жалпылоо, өзгөчөлүктөрүн айкындоо билгичтиктери менен көндүмдөрүн калыптандыруу милдетин коёт.

Даярдоонун багытынын ЖКББ МББСнын талаптарына ылайык, компетенттүүлүктүк мамилени ишке ашыруу окуу жараянында студенттердин кесиптик көндүмдөрү менен компетенцияларын калыптандандыруу жана өнүктүрүү максатында сабак өтүүнүн активдүү жана интерактивдүү формаларын (ишкер жана ролдук оюндарды, конкреттүү кырдаалдарды талдоону, психологиялык жана башка тренингдерди) аудиториядан тышкаркы иш менен айкалышта кеңири колдонулат.

## 6.2. Аудиториялык сабактарда колдонулуучу интерактивдүү билим берүү технологиялары

Практикалык сабактар теориялык жана практикалык мүнөздөгү суроолорду камтыйт. Талкууга коюлуучу маселелер мазмундуу, актуалдуу келип, дарстарда берилген негизги жоболорду чагылтууга тийиш. Практикалык сабактарды өтүү дарстарда берилген билимдерди бышыктоого жана студенттерди өз алдынча иштөөгө багыттоого арналат. Практикалык сабактар окутуунун интерактивдүү формаларын колдонуу менен өткөрүлөт, бул студенттерге каралып жаткан маселе боюнча өз көз карашын айтууга жана аны талкуу учурунда коргоого үйрөнүүгө жол ачат. Практикалык сабактарда студенттердин илимий маалымат менен иштей билүү, чечимдерди талдай жана жалпылай, кабыл ала жана негиздей билүү билгичтиктери менен көндүмдөрүн калыптандыруу, өркүндөтүү дидактикалык маселелери чечилет.

Аналитикалык жалпылоо – окулганды суммалоону, кошууну болжогон жазуу ишинин түрү. Окулгандын негизинде түзүлөт, окулганды туура түшүнүүнү чагылтат. Макалада же китепте камтылган материал жалпыланчу жана кыска бааланчу жазуу иши.

«Биргелешип издөө» дискуссиясы – окутуучу күн мурун камдаган суроолордун жардамы менен студенттердин тема, проблема же текст боюнча түшүнүктөрүн тереңдетүү максатында талкуу жүргүзүү. Жетелөөчү суроолордун жардамы менен талдоо жасоону болжойт.

Дискуссия – туура ыкмаларды гана колдонуп, акыйкаттыкка жетүүгө багытталган талаш. Бул тематикалык жана формасы корректтүү полемика. Анын максаты түрдүү көз караштарды кароо, акыйкаттыкты издөө, табуу болуп саналат.

Жуптарда иштөө – проблеманы, суроону жуп-жуп болуп талкуулоо. Тайпада иштөөнүн бир бөлүгү, этабы болуп саналат.

Кайчылаш дискуссия – эки ача суроонун негизинде, эки тараптын өз аргументтерин (жүйөөлөрүн) кезек менен келтирүүсү түрүндө так уюштурулган дискуссия.

Кичи топтордо иштөө – үч-жети кишиден турган топторго биригип, бир максатты көздөп, баарлашууда жана биргелешкен ишмердүүлүктө кызыкчылыктары менен керектөөлөрү окшош болгон окуу иш-аракети. Белгилүү бир ишти аткаруу үчүн бир нече адамдын биригүүсү менен жүзөгө ашат.

Ротация усулу менен пикир алмашуу – чогуу иштөөнүн стратегиясы, дискуссиянын бир түрү, маселелерди, проблемаларды белгилүү бир схема боюнча талкуулоо.

Т-схема – аргументтер менен контраргументтерди келтирүү үчүн графикалык уюштуруучу. Маалыматты классифкациялоого, баалоого, тутумдаштырууга жол берет. Мында карама-каршы турумдар көрсөтмөлүү берилет.

Эссе – конкреттүү себеп же маселе боюнча жекече таасирлер менен пикирлерди чагылтуучу, баяндоонун предметин аныктоого жана аягына чыгарууга талаптанбаган, көлөмү чакан жана композициясы эркин прозалык чыгарма.

### 9-жадыбал. Интерактивдүү формаларда өтүлүүчү аудиториялык сабактардын үлүшү

| Семестри | Сабактын түрү | Колдонулуучу интерактивдүү билим берүү технологиялары | Сааттардын саны |
|---|---|---|---|
| 6 | Пд, ид | Проблемалуу дарс, илгерилетилген дарс | 16 |
| | | Аналитикалык жалпылоо, ассоциативдүү жазуу, «Биргелешип издөө» дискуссиясы, дискуссия, жуптарда | 16 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | иштөө, кайчылаш дискуссия, кичи топтордо иштөө, ротация, Т-схема, түрдүү булактар боюнча баяндама | |
| **Жыйынтыгы:** | | | 32 |

Окуу дисциплинасынын аудиториялык сабактарында интерактивдүү формада өтүлүүчү сааттардын жалпы үлүшү 50%ды түзөт.

## 7. ЖЕТИШҮҮНҮ КҮНДӨЛҮК ТЕКШЕРҮҮНҮН, АРАДАГЫ АТТЕСТАЦИЯНЫН ЖАНА ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНДА ИШКЕ АШЫРЫЛУУЧУ КОМПЕТЕНЦИЯЛАРДЫН БААЛООЧУ КАРАЖАТТАРЫ

550700 – Педагогика багытынын ЖКББ МББСнын талаптарына ылайык студенттердин жекече жетишүүсүнүн дисциплина боюнча мерчемделген окутуунун натыйжаларына ылайыктыгын аттестациялоо үчүн баалоочу каражаттардын чени түзүлгөн (1-тиркеме). Ага 1-2-модулдун (арадагы аттестациянын, зачеттун) суроолору, ошол суроолор боюнча түзүлгөн модулдун жана зачеттун Экзамендик билеттери кирет.

## 8. ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫ БОЮНЧА ТЕКШЕРҮҮЧҮ-БААЛООЧУ ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮ УЮШТУРУУ

Дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжаларын текшерүү жана баалоо окутуучу тарабынан практикалык сабактарды өтүү, ошондой эле студенттердин өз алдынча иштерди аткаруу, модулдук текшерүү, арадагы аттестация (зачет) жараянында жүзөгө ашырылат. Практикалык сабактардын мазмуну боюнча ар бир практикалык сабакта оозеки сурамжылоо (күндөлүк текшерүү) жүргүзүлүп, студенттердин оозеки жооптору салттуу шкалада да, упайлык шкалада да бааланат (мисалы, “эң жакшы” – 86-100 упай, “жакшы” – 76-85 упай, “орто” – 60-75 упай, “жаман” – 0-59 упай). Модулдук текшерүү жана арадагы аттестация (зачет) оозеки формада өткөрүлүп, ал үчүн үч суроодон турган Экзамендик билеттер даярдалат. Экзамендик билеттер теориялык маселелерди да, практикалык мүнөздөгү тапшырмаларды да камтышат. Студенттердин Экзамендик билеттердин суроолоруна берген жооптору салттуу шкалада да, упайлык шкалада да бааланат (мисалы, “эң жакшы” – 86-100 упай, “жакшы” – 76-85 упай, “орто” – 60-75 упай, “жаман” – 0-59 упай). Студенттердин практикалык сабактардан жана эки модулдан топтогон упайлары жыйынтыктоочу бааны коюу үчүн жетиштүү болсо, алар арадагы аттестациядан (зачеттон) бошотулат.

### *8.1. Учурдагы текшерүү (УРТ)*

**Учурдагы текшерүүнү** жүргүзүү үчүн текшерүүчү суроолор жана тапшырмалар (20 тесттен аз эмес тесттик тапшырмалар), **жыйынтыктоочу текшерүү** үчүн суроолор жана тапшырмалар (30дан аз эмес тесттик тапшырмалар).

### 8.2. Дисциплинаны окутууда төмөндөгүдөй текшерүү жүргүзүлүшү зарыл:

1. Оозеки суроолорду жүргүзүү;
2. Жазуу жүзүндө суроолорго жооп берүү;
3. Аралаш суроолор (комбинированный);
4. Үй тапшыпманы презентация кылуу жана группага жана жекече берилген тапшырмаларды талкуулоо, өтүлгөн материалды талкуулоого, анализдөөгө катышуу жана курстагы материалдарды системалаштырууга көнүгүү;
5. Тренинг,тегерек стол, дебат,топ менен иштөөдө чыгармачылык жана өз билимин жактоо, чечим кабыл алууда башкалардын ою менен макулдашуу,талкуулоо;
6. Тесттер-жазуу( электрондук) текшерүүнүн түрү(Тест-тапшырма,Тест-процесс,Тест- ыкма, Тест-контролдоонун формасы, Тест-инструмент).

### 8.3. (РРТ)

(РРТ) га Студент УРТ жана СӨИ 42 баллдан төмөн эмес алган учурда, бекитилген графиктин негизинде 9- 18- жумада ( академиялык календарь) кирет.

РРТ ны кафедранын чечими менен текшерүү иштери же тестирлөө жүргүзүлөт( бланкага же электрондук) жана жыйынтыгы электродук формада жазылат. 1- жана 2- РРТ дө 60 балл дан кем алып калган студент аттестациядан өтпөйт жана кайра курса жазылууга укугу бар.(кайталап окуу). Студенттердин себептүү сабак калтыргандары, окуу бөлүмү боюнча проректордун уруксааты менен РРТ жиберилет.

**10-жадыбал. Жазуу иштерин баалоонун болжолдуу чен-өлчөмдөрү**

| № | Баалоонун параметрлери | Упайлардын саны |
|---|---|---|
| 1 | Жазуу ишинин (рефераттын, эссенин ж.б.) мазмунун анын максаты менен милдеттерин так аныктоо аркылуу түшүнүү. Жазуу ишинин грамматикасы менен стилистикасы. | 18 упай |
| 2 | Жазуу ишин (рефератты, эссени ж.б.) аткаруунун планынын болушу. | 2 упай |
| 3 | Теориялык билимдердин жана аларды жазуу ишин (рефератты, эссени ж.б.) аткарууда өзгөртүп түзүү билгичтиктеринин болушу. | 2 упай |
| 4 | Жазуу ишин (рефератты, эссени ж.б.) аткарууда практикалык билгичтиктердин болушу. | 4 упай |
| 5 | Тыянактардын, жалпылоолордун болушу жана | 2 упай |

| | | |
|---|---|---|
| | аныкталышы. | |
| 6 | Жазуу ишин (рефератты, эссени ж.б.) тариздөө. | 2 упай |
| | **Жыйынтыгы** | **Жалпы сумма 30** |

## 11-жадыбал. Студенттин өз алдынча ишин баалоо

**1.3. СӨИнин түзүмү**

| К№ | СӨИнин темалары | Отчеттуулук формасы | Упайлар |
|---|---|---|---|
| | Жыйынтыгы | Бардык тапшырмалардан алган упайлары кошулуп, чыккан сумма тапшырмалардын санына бөлүнүп, орточо упайы чыгарылат (24-40 упайдын чегинде болсо тапшырманы аткарган болот). | |
| 1. | Байыркы риторика | Даяр болгон сөздүктү көрсөтүү | Терминологиялык минимум 90-100% камтылса – 40 упай; 60-80% камтылса – 35 упай; 40-50% камтылса – 25 упай; 20-30% камтылса – 15 упай. |
| 2. | Байыркы Греция менен Римдеги риторика | Даяр болгон конспектти көрсөтүү | Маалыматтар 90-100% камтылса – 40 упай; 60-80% камтылса – 35 упай; 40-50% камтылса – 25 упай; 20-30% камтылса – 15 упай. |
| 3. | Орто кылым риторикасы | Баптын конспектисин жана суроолорго жоопторун көрсөтүү | Конспектте берилген тексттин мазмуну толук ачылса – 40 упай; жарым-жартылай ачылса – 30 упай; ачылбаса – 20 упай. |
| 4. | Кыргыздын чечендик өнөрүнүн этаптары. Легендарлык чечендердин чечендик өнөрү (Жээренче чечен, Көрөгөч чечен, Манас доорундагы Ажыбай, Байжигит ж.б чечендер). | Тандалып алынган тексттин контексттик талдоосун көрсөтүү | Талдоодо берилген тексттин мазмуну толук камтылса – 40 упай; жарым-жартылай камтылса – 30 упай, аз камтылса – 15 упай. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 5. | 18-19-кылымдагы Тилекмат, Сарт, Мойт, Садыр акелер. | Тандалып алынган поэтикалык тексттин талдоосун көрсөтүү. | Талдоодо берилген тексттин мазмуну толук камтылса – 40 упай; жарым-жартылай камтылса – 30 упай, аз камтылса – 15 упай. |
| 6. | Куудулдардын чыгармачылыгындагы чечендик сөздөр (Жоошбайдын жана Куйручуктун жоруктары. Шаршендин окуялары). | Тандалып алынган жомоктун талдоосун көрсөтүү. | Талдоодо берилген тексттин мазмуну толук камтылса – 40 упай; жарым-жартылай камтылса – 30 упай, аз камтылса – 15 упай. |
| 7. | Тил менен кептин жалпылыгы жана өзгөчөлүгү. | Тандалып алынган тексттин композициясына талдоону көрсөтүү. | Талдоодо берилген тексттин мазмуну толук камтылса – 40 упай; жарым-жартылай камтылса – 30 упай, аз камтылса – 15 упай. |
| 8. | Комедиялык чыгарманын поэтикасын талдоо: 1.Д.И.Фонвизин «Недоросль». | Тандалып алынган тексттин поэтикасына талдоону көрсөтүү. | Талдоодо берилген тексттин мазмуну толук камтылса – 40 упай; жарым-жартылай камтылса – 30 упай, аз камтылса – 15 упай. |

### 8.4. Студенттердин жетишкендиктерин баалоонун жол-жобосу

Компетенциялардын, билимдердин, билгичтиктер-дин жана көндүмдөрдүн деңгээлин аныктоонун түрлөрү, ыктары, формалары көрсөтүлөт.

Текшерүүнүн түрүн жана формасын тандоо дисциплинанын максаты жана калыптандырылуучу компетенциялардын мазмуну менен аныкталууга тийиш.

Бул бөлүмдө компетенциялардын калыптангандык деңгээлин баалоонун чен-өлчөмдөрүн келтирүү сунушталат, алар окутуучу тарабынан предметтин бөтөнчөлүгүн эске алуу менен текшерүүнүн өзүнчө формалары боюнча иштелип чыгат.

Ушул эле жерде ар бир модуль боюнча текшерүүчү суроолор жана Зачеттик Экзамендик билеттин (жазуу ишинин) түзүмү ар бир тапшырманы баалоонун чен-өлчөмдөрүн көрсөтүү менен келтирилет.

### 8.5. СӨИни баалоонун болжолдуу чен-өлчөмдөрү

| Баалоонун параметрлери | Упайлардын саны |
|---|---|
| 1. Студенттин СӨИни тариздөө деңгээли: илимийлүүлүк, логикалуулук, ырааттуулук, практика менен байланышы, өз алдынча тыянактардын болуусу. | СӨИ талапка толук ылайык тариздelse – 40 упай; жарым-жартылай ылайык тариздelse – 30 упай; ылайык эмес |

| | |
|---|---|
| | таризделсе – 15 упай. |
| 2. Студенттин СӨИнин мазмундук бөлүгүн иштеп чыгуу деңгээли: илимийлүүлүк, логикалуулук, ыраattуулук, чыгармачылык, практика менен байланышы, өз алдынча тыянактардын болуусу. | СӨИнин мазмундук бөлүгү талапка толук ылайык иштелсе – 40 упай, жарым-жартылай ылайык иштелсе – 25 упай, ылайык эмес иштелсе – 15 упай. |
| 3. Студент СӨИни коргоодо көрсөткөн билимдер менен билгичтиктер, көндүмдөр деңгээли: адабий-теориялык терминологияны билүүсү, адабий жараяндын жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүн билүүсү, адабий чыгарманын композициясы жана сюжети боюнча билимдерге ээ болуусу, адабий чыгармаларды талдоонун түрдүү усулдарын билүүсү жана колдоно алуусу, ар түрдүү жанрлардагы адабий чыгармаларды талдоо көндүмдөрүнө ээ болуусу, жазуу иштерин аткара алуусу, изилдөө ишин жүргүзө алуусу. | Студент СӨИни коргоодо берилген билимдер, билгичтиктер, көндүмдөр топтомун толук көрсөтө алса – 40 упай, жарым-жартылай көрсөтө алса – 25 упай, төмөн деңгээлде көрсөтө алса – 15 упай. |
| 4.Маалыматты көрсөтмөлүү берүү билгичтигинин жана көндүмдөрүнүн болушу: текстти моделдер, схемалар, жадыбалдар, сүрөттөр, видеоматериалдар менен коштотуу. | Маалыматты көрсөтмөлүү берүү жогору деңгээлде ишке ашырылса – 40 упай, орточо деңгээлде ишке ашырылса – 25 упай, төмөн деңгээлде ишке ашырылса – 15 упай. |
| **Жыйынтыгы** | Бардык параметрлер боюнча коюлган упайлары кошулуп, чыккан сумма парамертрлердин санына бөлүнүп, орточо упайы чыгарылат (24-40 упайдын чегинде болсо тапшырманы аткарган болот). |

**Учурдагы текшерүүнү** жүргүзүү үчүн текшерүүчү суроолор жана тапшырмалар (20 тесттен аз эмес тесттик тапшырмалар), **жыйынтыктоочу текшерүү** үчүн суроолор жана тапшырмалар (30 тесттен аз эмес тесттик тапшырмалар).

**1-модулдун суроолору**

1. Адабият теориясы илим катары. Адабият теориясынын предмети жана мазмуну. Адабияттаануучулук терминология.

2. Көркөм өнөрдүн маңызы концепциясы. Тууроо теориясы (мимесис). Символизация теориясы.

3. Көркөм өнөрдүн маңызы концепциясы. Көркөм өнөрдөгү типтүү жана мүнөздүү.

4. Көркөм өнөр эстетикалык кубулуш катары. «Эстетикалуу» терминин маанилеринин тарыхы.

5. Адабият көркөм өнөрдүн түрү катары. Адабияттын башка көркөм өнөрлөрдүн катарындагы ролу.

6. Көркөм образ көркөм өнөрдүн жалпы категориясы катары. Көркөм образдагы шарттуулук менен турмушка окшоштук.

7. Адабияттаануудагы мифологиялык мектеп.

8. Адабияттаануудагы маданий-тарыхый мектеп.

9. Адабияттаануудагы салыштырма-тарыхый мектеп.

10. Биографиялык метод. Адабияттаануудагы психологиялык мектеп.

11. Адабияттаануудагы формалык мектеп.

12. Адабияттаануудагы психоаналитикалык метод.

13. Адабияттаануудагы структурализм. Структурализмдин теориялык жоболорунун адабияттаануунун өнүгүшүнө таасири.

14. Герменевтика гуманитардык илимдердин методологиялык негизи катары. Салттуу герменевтика.

15. Герменевтика гуманитардык илимдердин методологиялык негизи катары. Бейсалт герменевтика.

16. Диалогдуулук герменевтиканын түшүнүгү катары. Түшүнүктүн М.Бахтиндин эмгектеринде иштелиши.

17. Адабиятты кабыл алуу. Рецептивдүү эстетика. Окурман (имплициттүү, эксплициттүү, реалдуу, массалык).

18. Адабияттык иерархиялар (классика, беллетристика, массалык адабият).

19. Чыгарманы тарыхый-функционалдык үйрөнүү. Адабий сын.

20. Автор жана анын чыгармада катышуусу. Автордук беткап: түшүнүктүн илимий эмгектерде иштелиши.

21. Автор жана анын лирикалык чыгармада катышуусу. Лирикалык каарман: түшүнүктүн илимий эмгектерде иштелиши.

22. Автордук эмоциялуулуктун типтери (пафостун түрлөрү).

23. Көркөм өнөрдүн тематикасы. Көркөм чыгарманын идеясы (автордук концепция).

24. Адабий чыгарманын курамы (форма менен мазмун). Адабий чыгарманын курамына дихотомиялуу жана көп деңгээлдүү мамилелер.

25. Чыгарманын көркөм дүйнөсү: түшүнүктүн мазмуну. Түшүнүктүн Д.С.Лихачевдин эмгектеринде иштелиши.

**2-модулдун суроолору**

26. Чыгармадагы адамдын образы: тип, мүнөз, инсан.

27. Кейипкер жана анын баалуулуктук багытталуусу. Адабияттык «артыкча типтер».

28. Адабий чыгарманын кейипкери. Кейипкердин жүрүм-турум формасы.

29. Көркөм чыгармадагы кейипкердин портрети. Портреттик сыпаттоолордун типтери.
30. Көркөмдүк психологизм. Адабий чыгармадагы психологизмдин формалары жана каражаттары.
31. Автордун жана кейипкердин баалуулуктук багытталууларынын карым-катышы. Адабияттык кейипкерлердин «өз алдынча» жашоосу.
32. Көркөм чыгармадагы зат (буюм). Деталь көркөм предметтүүлүктүн компоненти катары.
33. Көркөм чыгармада табияттын катышуусунун формалары. Пейзаж.
34. Хронотоп. Түшүнүктүн М.Бахтиндин эмгектеринде иштелиши.
35. Көркөм чыгармадагы мейкиндиктик-мезгилдик уюштурулуш.
36. Сюжет жана анын адабий чыгармадагы функциялары. Сюжет жана конфликт.
37. Адабий чыгармадагы көп сөздүүлүк жана бөтөн («бейавтордук») сөз. Стилизация, пародия, айтуу, реминисценция.
38. Көркөм чыгарманын композициясы. Композициялык ыкмалар.
39. Көркөм адабияттагы «көрүү чекити» проблемасы. Түшүнүктүн Б.Успенскийдин эмгектеринде иштелиши.
40. Мотив: терминдин мааниси. Мотивдердин классификациясы. Баяндоону (чыгарманы) лейтмотивдик куруу принциби.
41. Адабий чыгарманы үйрөнүү принциптери: сыпаттоо, талдоо, интерпретация. Имманенттүү жана контекстуалдуу үйрөнүү.
42. Адабиятты тектик бөлүштүрүү.
43. Адабияттын эпикалык теги. Эпостун жанрлары.
44. Лирика адабияттын теги катары. Лириканын жанрлары.
45. Драма адабияттын теги катары. Драмалык жанрлар.
46. Жанр формалык-мазмундук бүтүндүк катары. Канондук жана бейканондук жанрлар.
47. Адабияттык жараян. Адабияттык өнүгүүнүн стадиялуулугу.
48. Адабиятык жараян. Д. С. Лихачев орус адабиятынын тарыхындагы прогрессивдүү линиялар тууралуу.
49. Адабияттык жараян. Адабияттык жалпылыктар (көркөмдүк системалар).
50. Стиль. Индивидуалдуу автордук стиль. Эл аралык адабияттык жалпылыктар – «улуу стилдер» (Д.С.Лихачев).

**Дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн жыйынтыктары боюнча жыйынтыктоочу (семестрдик) текшерүүнүн (экзамендин) суроолору**

1. Адабияттаануу көркөм адабият жөнүндө илим катары. Негизги жана көмөкчү адабияттаануучулук дисциплиналар.
2. Адабият жана турмуш. Көркөм адабият башка көркөм өнөрлөр чөйрөсүндө. Адабияттагы кубулуштардын манызын билдирүү.
3. Көркөм өнөр таанымдык ишмердүүлүк катары. Тууроо, символдоштуруу, оюн теориялары. Типтүү жана мүнөздүү.
4. Автор жана анын чыгармада катышуусу. «Автор» терминининин мааниси. Чыгармадагы автордук субүективдүүлүк жана автор реалдуу адам катары.
5. Адабий чыгарма көркөм бүтүндүк катары. Көркөм чыгарманын мазмуну жана формасы. Чыгарма. Цикл (Түрмөк). Фрагмент (Үзүндү).

6. Текст филологиянын түшүнүгү катары. Текст семиотиканын жана культурологиянын түшүнүгү катары.
7. Герменевтика. Түшүнүү, Түшүндүрүү (Интерпретация). Маани. Диалогдуулук герменевтиканын түшүнүгү катары.
8. Окурман жана автор. Окурмандын чыгармада катышуусу. Массалык окурман.
9. «Бийик адабият». Массалык адабият. Беллетристика. Адабий репутациялардын олку-солку болуусу. Көркөм өнөр менен адабияттын элиталык жана антиэлиталык концепциялары. Адабияттагы элдүүлүк.
10. «Чыгарманын дүйнөсү» термининин мааниси. Кейипкер жана анын баалуулуктук багытталуусу. Кейипкердин аң-сезими жана өзүн андоосу.
11. Портрет. Зат. Пейзаж. Мезгил жана мейкиндик.

12. Адабий чыгарманы кароонун принциптери. Сыпаттоо жана талдоо. Адабияттаануучулук интерпретациялар. Контексттик иликтөө.

13. Автордук эмоциялуулуктун типтери: героикалуулук, сентименталдуулук, романтикалуулук, трагедиялуулук.

14. Күлкү, комедиялуу, ирония түшүнүгү.

15. Көркөм усул жана стиль. Көркөм элести жаратуу ыктарынын эволюциясы.

16. Адабий жараян. XIX-XX кк. адабий жалпылыктар (көркөм тутумдар). Көркөм багытар адабий жараяндын түзүүчүлөрү катары. Агым – адабий багыттын бөлүгү. Топтор жана мектептер.

17. Адабияттын чөлкөмдүк жана улуттук бөтөнчолугу.

18. Адабий өнүгүү түшүнүгү. Фольклордун адабиятка таасири. Адабий чыгармачылыктагы салт жана жаңычылдык. Көркөм тексттеги «бөтөн» сөз, анын кызматы. Стилизация. Пародия. Айтым. Реминесценция. Интертексттүүлүк.

19. Ыр жана проза. Ырдагы жана анын чегинен тыштагы рифма. Метр жана өлчөмдөр.

20. Кыргыз ыр маданиятынын башаттары.

21. Адабияттын тектери. Адабияттын тектерге бөлунүшү: эпос, драма, лирика.

22. Жанрлар. «Жанр» түшүнүгү жөнүндө. Адабий жанрлар.

23. Композиция: терминдин мааниси. Мотив. Монтаж. Чыгарманын композициялык биримдиги.

24. Адабий чыгарманын темасы менен идеясы. Түбөлүк темалар. Идея теманы көркөм ачуудагы автордук тенденциянын билдирилиши катары.

25. Көркөм элес (образ). Көркөм элестеги конкреттүү жана жалпыланган. Адабий чыгарманын элестик куруму. Элестердин типологиясы.

26. «Архетип» түшүнүгү. Архетиптин түрлөрү.

27. Миф: сөздүн мааниси. Салтсыз герменевтика.

28. Көркөм тексттеги «деталь» түшүнүгү. Деталды көркөм элестин бөлүгу катары колдонуу.

29. Аталыш тексттин идеялык мазмунунун ыгы катары. Аталыштардын түрлөрү. Коркөм чыгармадагы аталыштар менен эпиграфтардын ролу.

30. «Лирикалык субүект» түшүнүгү. Лирикалык каарман: анын турумунун текстте көрүнүү формалары.

31. Мотив адабияттаануучулук түшүнүк катары. Мотивдердин түрлөрү

32. Көркөм котормо адабияттаануучулук категория катары. Котормонун негизги принциптери.

33. Көркөм чыгармадагы кейипкердин жүрүм-турумунун формалары. Текстте журүм-турумдун көрүнүүлөрү.

34. Көркөм кеп жана кептик ишмердүүлүктүн башка түрлөрү. Поэзия жана проза. Көркөм кептин бөтөнчөлүгү. Оозеки-сүйлөшүү тили, адабий жана поэтикалык тил.

35. Поэтикалык тилдин сүрөттөөчү-билдирүүчү каражаттары: номинация, синонимия, антонимия, омонимия жана алардын түрлөрү.

36.Тропторду карым-катнашы. Тропторду ар кыл турлөрүнүн мүнөздөмөсү.

37. Поэтикалык кептин тыбыштык уюштурулушу. Тыбыштык кайталоолордун классификациясы.

38. Ыр куруунун метрикалык (антиктик) тутуму.

39. Ыр куруунун силлабо-тоникалык тутуму.

40. Ыр куруунун тоникалык тутуму: дольниктер, тактовиктер жана акценттүү ыр. Поэзиядагы эркин ыр (верлибр көйгөйү).
41. Строфика. Строфалардын классификациясы.
42. Чыгарманын кызмат өтөөсү. Чыгарманын чыгармачылык тарыхы. Чыгарманы окурмандардын кабыл алуусунун жана ларга таасир кылуусунун өзгөчөлүктөрү. Цитата.
43. Сюжет жана фабула. Сюжеттин элементтери жана аларды бүтүнгө уюмдаштыруу ыктары. Сюжеттен тыш элементтер. Сюжеттин кызматы.
44. Поэтикалык синтаксис. Инверсия, градация, анафора ж.б. фигуралар.

**Өз алдынча иштин максаты:**

Студентти пассивдүү билим алуучудан активдүү,чыгармачыл инсанга айлантуу, пайда болгон проблеманын үстүндө ой жүгүртүү, пландоо, планды ишке ашыруу үчүн, максат, милдеттерди аныктоого үйрөтүү. Тандалган натыйжа туура экенин далилдөөгө көнүктүрүү.

Окуу процессиндеги өз алдынча иш ар бир студенттин өз алдынча иштөөгө көнуктүрүүчү, окуу-илимий иштөөгө, өз көз карашы менен таанууга багытталат.

НМУда студенттердин өз алдынча иштери алардын чыгармачылыгын өнүктүрүүгө жана калыптанышына чоң таасирин тийгизет. Ар бир семестрда бир тема өз алдынча изилдөө үчүн берилет.Бул тема боюнча адабияттар, болжолдуу пландары, теория жана практиканы айкалыштыруу менен материалды системага салуу талап кылынат.

Семестрдин башында ар бир студент бирден тема тандап алат,ал темада окутуунун бир канча методу жана семестрдагы өтүлгөн темалар камтылышы зарыл. Тапшырманы аткаруу менен студент өз алдынча чыгармачылык менен изденүүгө, жаңы кызыктуу,кошумча жаңылыктарды колдонууга мүмкүнчүлүк алат. Иштин планын түзүүдө планды студент окутуучу менен талкуулап алышы керек.

Студенттин өз алдынча ишине ар бирине жекече тапшырма берилет. Консультация жана текшерүү ( СӨИ )сабактан сырткаркы убакта (семестр убагында) жүргүзүлөт. Консултация алуу менен СӨИ ни ар бир студент өз алдынча изденет. Студент бир модулга бир СӨИ даярдайт.

Өз алдынча ишти өз убагында жана сапаттуу аткаруу үчүн көңүл коюу менен иш алып баруу керек. СӨИ төмөндөгү эреженин негизинде жүргүзүлөт.

**Тапшырманы аткаруунун ирээти:**

1. Берилген тема боюнча материалдырды чогултуу;
2. Тема боюнча план түзүү;
3. Материалдарды системага келтирүү;
4. Реферат же конспект түзүү, анализдөө, изилдөө.
5. Корутунду:Жыйынтык чыгаруу;
6. Аудиторияда презентация жасоо, теманы жактоо.

**СӨИ кантип даярдоо керек?**

1. Титулдук барак (Окуу жайдын аты, факультети, бөлүмү,тайпасы,дисциплинанын аты,тема,аткарган студенттин ФА,текшерген окутуучунун ФА)
2. План, максат
3. Теманын берилиши (мазмун, изденүү)(7-8 барактан кем эмес)
4. Жыйынтыктоо же корутунду
5. Колдонулган адабияттар
6. Калыптандырылган компетенция
7. Документтин аягы

Студент сабактарды калтырбай катышууга милдетүү, бул (УРТ) да эске алынат.Студент СӨИ аткарбаса, же 0 балл болсо РРК га катыша албайт.Жыйынтыктоочу баалоого (СӨИ+УРТ+РРК) бааллдын суммасы алынат.

**9. КАЛТЫРЫЛГАН САБАКТАРДЫ КАЙРА ТАПШЫРУУНУН ТҮРЛӨРҮ ЖАНА ФОРМАЛАРЫ**

Студент аудиториялык сабактарга катышпаган учурда (дарска же практикалык сабакка), ал ошол аудиториялык иштин (дарстын же практикалык сабактын) программасын жана мазмунун өз алдынча өздөштүрүп, жумушчу дептерине өзү калтырган дарстын конспектисин жазып окутуучуга көрсөтөт, ошондой эле жумушчу дептерине өзү калтырган практикалык сабактын суроолоруна окуу-усулдук, илимий адабияттардан жоопторду таап жазып, аны окутуучуга оозеки тапшырат, өзү калтырган тема боюнча СӨИ (студенттин өз алдынча ишин) аткарып, аны окутуучунун астында коргойт. Эгер модулга же зачетко чейин ушул иштерди аткарбаса, студент модулдук текшерүүгө жана зачетко киргизилбейт.

**10. ДИСЦИПЛИНАНЫН ОКУУ-УСУЛДУК ЖАНА МААЛЫМАТТЫК КАМСЫЗДООСУ**

| № | **Негизги адабияттар** |
|---|---|
| 1 | Жантаев А.С. Адабият теориясы: Окуу-усулдук комплекс. Нарын: 2015. |
| 2 | Асакеева Д. Адабият теориясы. – Бишкек: |
| 3 | Борбугулов М. Адабият теориясы. – Бишкек: Кыргызстан-Сорос фонду, 1995. |
| 4 | Садыков А. Адабият теориясы. – Бишкек: Бийиктик, 2005. |
| 5 | Введение в литературоведение: Учеб. пособие / Л.В.Чернец, В.Е Хализев, А.Я.Эсалнек и др.; Под.ред. Л.В.Чернец. – Москва: Высшая школа, 2004. |
| | |
| **Кошумча адабияттар** | |

| | |
|---|---|
| 6 | Волков И. Ф. Теория литературы: Учеб. пособие для студентов и преподавателей. М., 1995. |
| 7 | Теория литературы: учеб. пособие для студ. филол. фак. высш. учеб. заведений: в 2 т. / под ред. Н. Д. Тамарченко. 2-е изд., испр. М., 2007. |
| 8 | Шериев Ж., Муратов А. Адабият теориясы. – Бишкек: Айат, 2004. |
| 9 | Хализев В.Е. Теория литературы. Учеб. – М., 1999 (2-е изд. – 2002). |
| | **в) Энциклопедиялар, сөздүктөр, маалыматтамалар:**<br>1. Борев Ю.Б. Эстетика. Теория литературы: Энциклопедический словарь терминов. М., 2003.<br>2. Западное литературоведение XX века. Энциклопедия. М., 2004.<br>3. Квятковкий А.П. Поэтический словарь. М., 1966.<br>4. Корман Б.О. Литературоведческие термины по проблеме автора. Ижевск. 1982.<br>5. Кормилов С.И. Современный словарь-справочник по литературе. М., 1999.<br>6. Краткая литературная энциклопедия в 9-ти тт. / Под ред. А.А. Суркова. М., 1962 – 1978.<br>7. Культурология. XX век. Энциклопедия. Т. 1-2. СПб., 1998.<br>8. Литературная энциклопедия терминов и понятий / Под. ред. А.Н. Николюкина. М., 2003<br>9. Литературный энциклопедический словарь / Под общей ред. В.М. Кожевникова, П.А. Николаева. М., 1987.<br>10. Литературоведческие термины (Материалы к словарю) / Ред.-сост. Г.В. Краснов. Коломна, 1997.<br>11. Пави П. Словарь театра/Пер. с фр. М., 1991.<br>12. Поэтика: Словарь актуальных терминов и понятий / Гл. науч. Ред. Н.Д. Тамарченко. М., 2008.<br>13. Руднев В. П. Энциклопедический словарь культуры XX века: Ключевые понятия и тексты. М., 2003.<br>14. Словарь литературоведческих терминов/Ред.-сост. Л.И.Тимофеев, С.В. Тураев. М., 1974.<br>15. Современное зарубежное литературоведение (страны Западной Европы и США): Концепции, школы, термины: Энциклопедический справочник/ Научн. ред. и сост. И.П. Ильин, Е.А. Цурганова. М., 1999.<br>**16.** Художественное восприятие. Основные термины и понятия: Словарь-справочник / Ред.-сост. М.В.Строганов. Тверь. 1991. |

## 11. ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК КАМСЫЗДООСУ

Окуу аудиториясы, компьютердик класс, такта, маркер, бор ж.б.каражаттар.

## 12. ОКУУ-УСУЛДУК КАМСЫЗДООНУН ТИЗМЕСИ

- Практикалык сабактар боюнча усулдук көрсөтмөлөр. (басма түрдө – чыкканы жөнүндө маалыматтар, тиражынын нускасы, НМУнун китепканасында барлыгы, электрондук – кандай алып жүрүүчүдө экени, барлыгы жана сакталуу орду көрсөтүлөт)
- СӨИ уюштуруу боюнча усулдук көрсөтмөлөр жана атпшырмалар. (басма түрдө – чыкканы жөнүндө маалыматтар, тиражынын нускасы, НМУнун китепканасында барлыгы, электрондук – кандай алып жүрүүчүдө экени, барлыгы жана сакталуу орду көрсөтүлөт)
- Баалоочу каражаттардын (кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын2024-жылдын "___" ________________ №___ протоколу менен дисциплинанын жумушчу программасына тиркеме түрүндө бекитилген).